№30
(3479)
Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
# Эркин-Тоо
Жума,
2023-жылдын
14-апрели
www.erkin-too.kg

Жогорку Кеңештин депутаты Чыңгыз АЖИБАЕВ:

## “МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ ЛЕЙЛЕК РАЙОНУНА 7 МЕКТЕП САЛГАНЫ ТУРАТ”



3-БЕТТЕ

## АЙСУЛУУ АЗИЯНЫН 5 ЖОЛКУ ЧЕМПИОНУ



Кыргыздын айжаркын кызы Айсулуу Тыныбекова Астанада өткөн Азия чемпионатында жеңишке жетишип, Азиянын 5 жолку чемпиону болду.

“Өткөн жыл мен үчүн жеңил болгон жок. Андыктан, бул чемпионат да мага чоң сыноо эле. Адамдар жетишкендиктерди, марада турган учурларды көрүшөт. Анын артында көп эмгек, оор күндөр бар. Биринчиден, өзүмдү “Азаматмын!” деп мактагым келет - деди балбан кыз.

Азия чемпионатында азыркынын атактуу балбандары Акжол Махмудов менен Жоламан Шаршенбеков да алтын медалды моюнга илишти.

## ОРОЗАЛИЕВГЕ ООМАТ ООДУ



Бишкек шаарынын мэри Эмилбек Абдыкадыровдун буйругу менен Азамат Дороев баш калаабыздын Октябрь райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы–акими кызматынан бошотулду. Мэрдин Дороевге байланыштуу чечиминин сыясы кургай электе Абдыкадыровдун экинчи буйругу менен Жаныбек Орозалиев аталган аймактын “эки тизгин, бир чылбырын” колго алды. Бул куш тилиндей маалымат Ала-Тоо ичин алеки саатта аралап кетти.

## Жогорку Кеңеш Зулушевдин ишине кандай баа берди?



12-апрелде Жогорку Кеңештин жыйынында өткөн жылдагы өлкөдөгү мыйзамдуулуктун абалы жана аны чыңдоо боюнча прокуратура органдары тарабынан аткарылган иштер тууралуу Башкы прокурор Курманкул Зулушевдин отчёту каралды. Жыйында эл өкүлдөрү тарабынан мыйзам көзөмөлдөөчү органдын башчысына чет жактагы камакта жаткан мекендештерибиздин тагдырынан тартып, өлкө ичиндеги көкөйгө тийген мыйзамсыздыктар тууралуу оголе көп соболдор берилди. Ар бир соболго мыктай кадалып жооп узаткан Баш прокурор Зулушев келечектеги пландарынан өйдө жашырган жок. Жыйын соңунда эл өкүлдөрү мыйзам көзөмөлдөөчү органдын 2022-жылдагы жалпы ишине канааттандыраарлык деп табышты. Өлкө жетекчилиги менен эл өкүлдөрүнөн ушундай колдоо болуп жаткан соң, Баш прокурор камчы салдырбай иштегенге милдеттүү да, тураббы?

## Икрамовдун өзгөчө идеясы

Эл өкүлү Тазабек Икрамов жемкорлордун колу-бутун кесүүнү сунуштап чыкты. Эрксизден жылмаясың да. Ал мамлекеттик кызматкерлер жемкорлук менен кармалса да айып пулун төлөп, кайра эле кызматка келип жатканына наараазы болду. Оригиналдуу идея ээсинин сунушун сөзмө-сөз келтирелиби? “Кээ бир коррупционерлер 100 миң доллар же башка менен кармалгандар бүгүн акыл үйрөтүүдө. Соцтармак аркылуу депутаттарга да сын таккан ушундай бир акмактар болуп жатат. Мамлекеттен уурдагандардын колун кесиш керек, мында да токтобосо бутун кесиш керек. Мамлекет катары буларды токтотушубуз зарыл да” - деди Икрамов. Кокус Тазабек Икрамовдун “өзгөчө” идеясы ишке ашып кетсе укук коргоо органдары менен бийликте отургандардын теңинен көбү бутуколунан ажырап калышпайбы?

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО



## Сергей КОРСАКОВ:

# «Кыргызстан менин жүрөгүмдө»

Президент Садыр Жапаров 12-апрелде - Эл аралык космонавтика күнүндө россиялык сыноочу-космонавт Сергей Корсаков менен жолугушту.



Сергей Корсаков 1984-жылы Фрунзе шаарында туулган, борбор калаадагы №24 А.Токомбаев атындагы мектепте окуган. Ал убагында «Союз МС-21» космос кораблинин бортунан кыргызстандыктарды Эгемендүүлүк күнү менен, бишкектиктерди Шаар күнү менен куттуктаган.

Мамлекет башчысы Сергей Корсаковду кесиптик майрамы менен куттуктап, туулуп-өскөн кичи мекени Кыргызстанда дайыма кубануу менен тосуп аларын белгиледи.

«Биздин учурда ар бир экинчи бала космонавт болууну кыялданчу. Менимче, сиз да ошолордун арасында болгонсуз. Бактыга жараша Сиздин кыялыңыз орундалды. Ааламдын бардык кооздуктарына суктануу жана космос мейкиндигин изилдөө мүмкүнчүлүгүңүздүн узак мөөнөттүү жана оңтойлуу болушун каалайм», - деди Садыр Жапаров.

Өз кезегинде космонавт Сергей Корсаков туулуп-өскөн Бишкек шаарында болуу чоң сыймык жана кубаныч экенин белгилеп, «Кыргызстан менин жүрөгүмдө өзгөчө орунду ээлейт, анткени менин балалыгым, өспүрүм чагым ушул жерде өттү. Кыргызстанда мен билим алдым, менин мүнөзүм ушул жерде калыптанган, тагыраак айтканда, менин карьерама ожорлугүм жана тырышчаактыгым таасирин тийгизди», - деди.

## Ар бир тамчы маанилүү

Кечээ Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Вашингтон шаарында суу тармагын өнүктүрүү боюнча тегерек столго катышты.

Ал белгилегендей, Кыргыз Республикасы суу ресурстарын кылдат башкарууну жактайт жана “ар бир тамчы маанилүү” принцибинде иш алып барат. Биз Борбор Азиядагы уникалдуу мамлекеттердин бирибиз, ал жерде суу ресурстары толугу менен өзүбүздүн мөңгүлөрдөн түзүлөт. Дарыялардын орточо жылдык агымы 48,7 куб километрди түзөт. Бул факт менен биздин өлкө региондук масштабда дарыя агымынын калыптануу зонасы болуп саналган мамлекеттердин катарына кирет.

Төрага Акылбек Жапаров көпчүлүк өлкөлөрдө эскирген ирригациялык инфраструктураны модернизациялоо зарылдыгын белгилеп, “Биз өлкөнүн калкын климаттын өзгөрүшүнүн таасирине даярдоо үчүн саясатыбызды, жоболорубузду жана институттарыбызды жакшыртуунун үстүндө иштеп жатабыз. Быйыл 2040-жылга чейин Суу боюнча улуттук стратегия кабыл алынып, суу менен камсыздоо жана санитария жөнүндө мыйзамдар иштелип чыкты. Инвестициялык долбоорлорду иштеп чыгууда энергетикалык эффективдүүлүктү жогорулатуу милдеттери жана суу ресурстарын үнөмдөөгө жана эффективдүү пайдаланууга өбөлгө түзгөн климаттык долбоорлоо стандарттары эске алынат”, - деди.

## Ири долбоорлорго өтүүгө убакыт келди

Дүйнөлүк банк менен Эл аралык валюта фондунун Жазгы жолугушууларынын алкагында Вашингтон шаарында Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Дүйнөлүк банк тобунун Европа жана Борбор Азия боюнча Вице-президенти Антонелла Бассани менен жолукту.

Жолугушууда энергетика, адам ресурстары, ичүүчү суу менен камсыз кылуу, ирригация сыяктуу өз ара кызыкчылык туудурган бардык чөйрөлөрдө эки тараптуу кызматташуунун маселелерин талкуулашты. Тараптар 2027-жылга чейин Дүйнөлүк банк менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы кызматташуунун негизги багыттары боюнча бирдиктүү пикирге келишти.

Кыргыз Республикасы ар кандай тышкы таасирлерге карабастан, экономикалык өсүүнү сактап кала алгандыгын айткан Акылбек Жапаров: “Биз кызматташуунун жаңы деңгээлине даярбыз, ири долбоорлорго өтүүгө убакыт келди”, - деди.

Өз кезегинде Антонелла Бассани Дүйнөлүк банктын ичүүчү суу менен камсыздоо жана канализация системасын өнүктүрүү боюнча долбоорлорду ишке ашыруу боюнча Жол картасын жана каржылык планын иштеп чыгууда колдоо көрсөтүүгө даяр экендигин билдирип, жакын арада Кыргыз Республикасында өтө турган Суу форумуна катышуу планына токтолду.

## Жардамды жалпы эл сезиши керек

Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Бакыт Төрөбаев "Айыл Банк" ААКда жана "РСК Банк" ААКда көчмө жыйын өткөрдү.

Мамлекеттик банктардын жетекчилери жана Директорлор кеңешинин мүчөлөрү катышкан жыйында “Айыл чарба тармагын каржылоо” жана “Агроөнөр жай комплексин кредиттөө” долбоорлорунун алкагында жеңилдетилген насыянын берилиши талкууланды.

Бакыт Төрөбаев: “Жеңилдетилген насыя үчүн делип мамлекеттик банктарга түшкөн каражатты таратуу менен эле чектелбей, терең анализ жүргүзүп турушуңуздар керек. Өсүмдүк өстүрүүчүлүк жана мал чарбачылык боюнча берилип жаткан жеңилдетилген насыялар канчалык жардам берип жатканын жалпы эл сезиши керек. Ошондо ишкерлерге мамлекеттик жактан колдоо көрсөтүлүп, калктын жашоо турмушунун жакшырып жатканын билебиз”, - деди.

Энергиянын кайра жаралуу булактарын (ЭКБ) пайдалануу менен күн жана шамал электр станцияларын куруууда, лизингге айыл чарба техникаларын жана коммуналдык кызматтар үчүн атайын техникаларды алууда жеңилдетилген насыя берүү маселеси да айтылды.

## Көбүрөөк көлөмдөгү түз колдоо керек

Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаров Вашингтон шаарына (Америка Кошмо Штаттары) болгон иш сапарынын алкагында Дүйнөлүк банктын адамдык капиталды өнүктүрүү боюнча Вице-президенти Мамта Мурти менен жолукту.



Анда Кыргыз Республикасынын экономика, банк, билим берүү жана социалдык өнүктүрүү жана санариптештирүү тармактарындагы учурдагы жана пландалып жаткан долбоорлордун абалын талкуулашты.

Дүйнөлүк банктын жана Эл аралык валюта фондунун Жазгы жолугушууларында негизинен – Дүйнөлүк банктын эволюциясынын жол картасына, Дүйнөлүк банктын тобун реформалоо боюнча демилгелерге көңүл бурулду.

Бул реформалоо демилгесин колдоорун билдирген Акылбек Жапаров, климаттын өзгөрүшү жана пандемияга даярдык маселелерин Дүйнөлүк банктын миссиясына киргизүү, Дүйнөлүк банктын операциялык моделин жаңылоо, «кардар өлкөлөргө» каржылык жардамды көбөйтүү зарылдыгын айтты.

Ошону менен катар Кыргыз Республикасына көбүрөөк көлөмдөгү «түз колдоо» керектигин кошумчалады. Банкка тышкы карызды жашыл жана климаттык демилгелерге айландыруу механизмдерин иштеп чыгууну карап көрүүнү сунуштап:

«Мындай механизмдер өнүгүп келе жаткан өлкөлөргө бир жагынан жашыл жана климаттын туруктуулугу боюнча долбоорлорду каржылоого, экинчи жагынан туруктуу карыз абалын камсыз кылууга мүмкүндүк берет», - деди.

Санариптик технологиялардын адам жашоосунун бардык чөйрөсүнө киргизүү багытында кошумча финансылык жардам көрсөтүү мүмкүнчүлүгү да талкууланды.



Шаршемби күнү Министрлер Кабинетинин Төрагасынын орун басары Эдил Байсалов Кыргыз Республикасынын профсоюздар федерациясынын кеңешинин кеңейтилген жыйынына катышты.

## Жарандардын эмгек шарттарын жакшыртууга багытталган демилгелер

Жыйында профсоюздардын ишмердүүлүгүн жакшыртуу, ар кандай профсоюздук долбоорлорду ишке ашыруу, өткөн жылы түзүлгөн үч тараптуу макулдашууну ишке ашыруу, Эмгек кодексинин жаңы долбоорун иштеп чыгуу, эмгекти коргоо боюнча мыйзамдык жана административдик чараларды күчөтүү боюнча пикир алмашуу болду.

Эдил Байсалов катышуучуларды эмгек укуктарын коргоодо, өсүп келе жаткан муундарды тарбиялоодо жана аң-сезимин жогорулатууда активдүү позицияны кармануууга чакырды.

Жыйындын жыйынтыгында жумушчулардын социалдык жактан корголушун жана бакубаттуулугун камсыз кылуу үчүн кесиптик бирликтер менен мамлекеттик органдардын ортосунда кызматташтыкты күчөтүү, жарандардын эмгек шарттарын жакшыртууга багытталган демилгелерди жана иш-чараларды ишке ашырууну баштоо чечими кабыл алынды.

**Даярдаган**
**Жылдыз ДЫЙКАНОВА**

ЭЛ ЖАНА ДЕПУТАТ

**Жогорку Кеңештин депутаты Чыңгыз АЖИБАЕВ:**

# “Эл социалдык көйгөйлөрдү көп көтөрөт”



**- Чыңгыз Ильяскожоевич, депутаттар өткөн жумада жер-жерлерде болуп, эл менен жолугушуп келишти. Сиз дагы Лейлекке барып келсеңиз керек. Эл менен жолугушканда кандай суроо-талаптарын айтышты?**

- Мен Лейлек районунан жана Сүлүктү шаарынан депутат болуп шайлангам. Эл менен байма-бай жолугушууларды өткөрүп турам. Элдер негизинен мектеп, бала бакча, сугат суу менен ичүүчү таза суу сыяктуу социалдык көйгөйлөрдү көп айтышат. Бала бакчалардын жогунан балдар сайда, чаңда ойноп жүрүшөт. Бул багытта арабдардын фонддору менен да иш алып баруудабыз. Лейлекте сугат суу эң башкы көйгөйлөрдүн бири. “Мамлекет бизди сугат суу менен эле толук камсыз кылып берсе калган турмушубузду өзүбүз эле оңдоп кетет элек" дейт эл. Байыртадан эле Лейлектин эли эмгекчил эл. Канчалаган кыйынчылыктар болду. Эл өз арабасын өзү эле тартып келе жатат. Дагы бир эң негизги көйгөйлөрдүн бири жаз, күз мезгилиндеги селдин жүрүшү. Сел айылдарды каптап, жолдорду жууп кетет. Мен депутат болгондон бери эле карапайым эл селден тосуучу дамба куруп бергиле деп айтып келе жатат. Бул боюнча парламенттин жыйынында бир канча жолу айттым. Бирок, эч бир жыйынтык болбой жатат.

**- Сел Лейлектин кайсы жерлеринде көп жүрөт?**

- Лейлектин Катраң, Лейлек, Тогуз-Булак, Ак-Суу айыл өкмөттөрүндө жана Сүлүктү шаарынын Чимген айылдарында сел каптап кетчү жагдайлар жаралган. Лейлек районунун борбору Раззаков шаарынын өзүндө да сел коркунучу бар. Катуу жамгыр жааган сайын райондогу жолдордун 70-80 пайызын сел жууп кетет. Дамба куруш керек деген маселени эл мен депутат болуп шайлангандан бери эле айтып келатат. Бүгүн дагы сессияда ушул маселени айтып чыктым.

**- Дамба куруш үчүн канча каражат керектелет?**

- Эми каражатты ойлой берсек элдин маселеси чечилбей калып жатпайбы. Сел жууп кеткен жолдорду жергиликтүү айыл өкмөттөрү өздөрүнүн мүмкүнчүлүгүнө жараша эптеп-септеп оңдоп жатат. Бүгүн сессияда Транспорт жана Өзгөчө кырдаалдар министрликтеринин алдына маселе койдум. Бүгүн бизге чоң грейдерлер, шагыл жүктөөчү тракторлор аябай керек болуп жатат. Техникалардын баары жедеп эскирип бүткөн. Техника жок болгондуктан көптөгөн көйгөйлөр жаралып жатат. Азыр жаз айында сел жүрүп жаткан маалда убактылуу болсо да техникаларды бөлүп берип турса аябай жакшы болот эле. Андан кийинки көйгөйлөрдүн бири – элдер жөлөк пул маселеси боюнча көп кайрылышат. Жөлөк пул алуу чечилбей жатканын айтышат.

**- Кантип чечилбей жатат? Кандай себептери бар экен?**

- Жөлөк пулду ар кандай шылтоолор менен бербей коюшат. “Сиздин жолдошуңуз Россияда иштейт экен же үлүш жериңер бар экен” деген сыяктуу суу кечпеген шылтоолор. Эл ушул маселелерди чечип бергиле деп жатат. Биз элдин талабын угуп келип, ар бир министрлик менен иш алып баруудабыз. Буйруса, акырындык менен чечилет деп ойлойм.

**- Былтыркы тажик тараптын кол салуусунан жабыр тарткан адамдардын үйлөрү курулуп бүттүбү?**

- Ооба, ал үйлөр курулуп бүттү.

**- Нааразычылык жокпу?**

- Мен бул маселени пленардык жыйында Министрлер Кабинетинин Төрагасы Акылбек Жапаровго да айткам. Он алты үй-бүлө бүгүнкү салынып жаткан үйлөргө батабы? деп суроо салгам. Анткени, алар жаңжалга чейин ар бири өз алдынча түтүн булатып, өз үйлөрүндө жашап келишкен. Үч-төрт үй-бүлө жашаган жерге азыр бир эле үй салынып жатат. Азыр ошол адамдар арыз менен кайрылууда. Биз башта кандай абалда жашап келсек ошондой үй куруп бергиле деп ойлорун айтышууда. Жерди трансформациялоо маселеси чечилбегендиктен ушул көйгөйлөр жаралууда. Бизде, мисалы, бир атанын үч баласы болсо өзүнүн жер тилкесинен кичинекей жерди бөлүп үч баласына тең бир короого үй салып берет. Эгер трансформация жасап, жер тилке берилсе элдер өздөрү эле үй салып алмак. Биздеги дагы бир көйгөй – бул миграция маселеси. Миграцияны токтотуп, чек арада элди кармап калыш үчүн аймактарда ишканаларды ачыш керек.

**- Чыңгыз Ильяскожоевич, Баткен облусуна атайын макам берилди. Анын негизинде берилген жеңилдиктер иштеп жатабы?**

- Ооба, иштеп жатат. Облус боюнча “өзгөчө макамы бар айылдар” деп чек арада жайгашкан 62 айыл киргизилген. Бирок, бул тизмеге чек аранын дал өзүндө турган бир топ айылдар кирбей калыптыр.

**- Кайсы айылдар кирбей калган?**

- Биздин чек арада жайгашкан Булак-Башы, Көк-Таш, эң чоң Кулунду айылы, Ак-Суу айыл өкмөтү толугу менен кирбей калган. Эми ал тизмени кайрадан карап чыгыш керек болуп жатат. Жыл сайын 500 миллион сом бөлүнөт деп атайын мыйзамда көрсөтүлүп жазылган. Бирок, ошол акча убагында берилбей, кечиктирилип жатат. Бүгүнкү күнгө карата акчаны Лейлек району менен Баткен району гана алды. Азыр ошол акчанын эсебинен Сүлүктү шаарына суу чыгарып, мал базар салалы деп жатабыз. Калган райондордун каражаты бөлүнө элек. Эми 2023-жылга каралган акча каражатты да бөлдүрүш керек.

**- Айылда жакшы иштер да барбы?**

- Албетте, бар. Президенттин демилгеси менен Министрлер Кабинети Лейлек районуна 7 мектеп салганы турат. Кечээ эле жолугушууда төрт мектептин курулушун көрүп келдим. Капсула салынып, пайдубалдары курулуп жатат. Мектептер курулуп бүтүп пайдаланууга берилип калса биздин келечек муундар үчүн да жакшы шарттар түзүлөт деп ойлойм.

**Өмүрбек ТИЛЛЕБАЕВ**

МЕЗГИЛ ЧАКЫРЫГЫ

# САНАРИПТЕШТИРҮҮ АРКЫЛУУ ТАЗА, АЙКЫН КЕЛЕЧЕККЕ КАДАМ

Бир убакта Союздун курамындагы Эстония билим берүү жагында дүйнөдөгү бирден-бир алдыңкы өлкөлөрдүн катарында турат. Буга Эстония мектептеринин окуучулары акыркы жылдары катары менен PISAнын (окуучулардын билим деңгээлин баалаган эл аралык программа) иликтөөсү боюнча Европада биринчи орунду бербей келатканы далил. Март айында Кыргызстандын билим берүү боюнча эксперттер тобу Евробиримдиктин “Санариптештирүү аркылуу элет коомчулуктары үчүн таза, айкын келечек куруу” долбоору боюнча Эстония мамлекетинде болушту. Биз эксперттердин катарында барган экс-министр Уланбек Мамбетакуновду кепке тарттык.



**- Уланбек Эсенбекович, сапардын максаты эмне болду жана ага кимдер катышты?**

- Сапардын негизги максаты - Эстониянын мамлекетинин санариптештирүү жолдорун үйрөнүү жакшы биз үчүн алгылыктуу жактарын өзүбүзгө сиңирүү. Делегациянын курамында Билим берүү жана илим министрлигинин, Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин, «Лидер» коомдук бирикмесинин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрү болду. Биздин делегация Эстониянын Билим берүү жана илим министрлигинде, Эл аралык өнүктүрүү боборунда, Эстониянын шаарларынын жана кыштактарынын ассоциациясында, Билим берүү жана жаштар департаментинде, Гуманитардык гимназияда, Таллин технологиялык университетинде, Ида-Вируда болдук. Кесиптик билим берүү борборунда жана Ида-Вируда бизнес борборунда жолугушуулар болуп өттү.

**- Алардын билим берүүсүндө эмне өзгөчөлүк бар экен?**

- Эстонияда балдар 7 жаштан баштап мектепке барып, 12 жыл окушат. Эң чоң өзгөчөлүгү Эстония бийлиги мамлекетти толугу менен санариптештирүү форматына өткөрүү боюнча чоң иш-аракеттерди учурунда жасаптыр. Ар бир мекеменин иши чоң же кичинесине карабастан санарип форматына өткөнүн баса белгилейин. Бул процесс 30 жылдан бери ишке ашырылып, эми натыйжасын көрүп жаткан учурду байкадык.

Дүйнө жүзү, анын ичинде Кыргызстан эми толук кандуу санариптештирүүгө өтүп аткан учурда, Эстония мамлекети мезгилден алдыга кетип көрөгөчтүк кылган экен. Бул жерде мектептердин баары компьютерлештирилип, мугалимдердин маалыматтык-коммуникациялык технологияларды (МКТ) колдонуу көндүмдөрүн калыптандырууга көңүл бурулуп, электрондук платформалар кеңири иштелип чыгып, колдонууда экен.

**- Балтика республикалары, анын ичинде Эстония 90-жылдардын алдында эле Союздун курамынан чыгуу аракеттерин жасап, өз алдынчалыкка умтулган эмеспи. Алардын мектепте окутуу программалары да өзгөрсө керек?**

- Ооба, эстониялыктар ошол жылдары эле билим берүү тармагын өзгөртүү аракеттерин баштаган. Азыркы учурда аларда советтик билим берүү үлгүсүнөн эч нерсе калбаганы айтпаса да түшүнүктүү деп ойлойм. Аларда эркин жана сын ой жүгүртүү, окутууда теориялык билимге сугарүү эмес, турмушка даярдоого багытталган билим берүүдөгү жаңыча көндүмдөргө басым жасоону өз убагында колго алышканын белгилөөгө болот. Ошондой эле мугалимдин кесиптик даярдыгы, окутуу методикалары сапаттуу билимдин ачкычы экени талашсыз.

**- Чынында баланы тарбиялоо бала бакчадан эле башталышы керек эмеспи. Алардын балдар бакчалары менен таанышуу мүмкүнчүлүгү болдубу?**

- Балдар бакчалары да толук санарипке өткөн. Маалыматтык-компьютердик технологияны (МКТ) бала бакчадан баштап окутушат экен. Окутуу программасында негизинен компьютер деген эмне, эмнеге колдонушубуз керек жана башка жөнөкөй нерселерди түшүндүрүү менен сабак өтүшөт. Андан кийин МКТ мектепте биринчи класстан баштап эле окутулат.

**- Эстониянын билим берүүсүнөн биз өзүбүзгө эмне алсак болот деп ойлойсуз?**

- МКТны балдар бакчасынан баштап мектепте 1-класстан улантып, 7-класска барганда окуучулар Python программалоо тилинде коддорду жазуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат экен. Биз дагы ушул тажрыйбаны колдонсок болчудай. Ошондой эле Эстониянын мектептеринде электрондук журнал, электрондук күндөлүк бир нече жылдан бери ишке киргизилип натыйжалуу колдонулууда деп көргөзүштү. Жаңы колдонулгандан баштап улам мүчүлүштүктөрүн жоюп отуруп учурда кеңири колдонулууда. Анда окуучу жөнүндө толук маалымат, окуудагы жетишкендиктери, жүрүм-туруму жана башка маалыматтар толук камтылган.

**Бегим ТУРДАЛИЕВА**

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити
ЭРКИН-ТОО

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИНЕ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДЫК ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИНЕ) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*2023-жылдын 9-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши кабыл алган*

**1-берене**

Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., №1 (2), 13-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 15-беренеде:

а) 1-бөлүктүн 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) административдик актыны жараксыз же административдик органдын аракетин (аракетсиздигин) мыйзамсыз деп толугу менен же болбосо бир бөлүгүн таануу жөнүндө;";

б) 2-бөлүктүн 1-пунктунда "административдик укук бузуулар жөнүндө (жоруктар жөнүндө)" деген сөздөр "укук бузуулар жөнүндө" деген сөздөргө алмаштырылсын;

в) 2-бөлүктүн 3-пункту күчүн жоготту деп таанылсын;

2) 24-беренинин 7-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү сүйлөм менен толуктапсын: "Сот соттук жыйналышта тараптардын макулдугу менен аныктаманын резолюциялык бөлүгүн жарыялаганга укуктуу.";

3) 28-берене төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толуктапсын: "Аракети жеке жана юридикалык жактардын укуктарын жана милдеттерин түзүүгө, өзгөртүүгө же токтотууга алып келүүчү административдик органдардын, башка мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз алдынча бөлүмдөрү жоопкер болушу мүмкүн.";

4) 29-беренинин 1-бөлүгүнүн төртүнчү абзацы төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толуктапсын: "Өкүл сотко кайрылганда ишеним катты түп нускада же талаптагыдай түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмө формасында берүүгө милдеттүү.";

5) 41-беренинин 3-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толуктапсын: "Жарашуу макулдашуусун бекитүү жөнүндө аныктама даттанылышы мүмкүн.";

6) 42-беренинин 1-бөлүгүндө:

а) биринчи сүйлөм төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Прокурор чөйрөсү аныкталбаган жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзам менен корголуучу кызыкчылыктарын, ошондой эле мамлекеттик же коомдук кызыкчылыктарын коргоо үчүн сотко административдик доо менен кайрылууга укуктуу.";

б) төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү сүйлөм менен толуктапсын: "Мында кызыкчылыгы үчүн доо берилип жаткан адам доогер катарында тартылышы мүмкүн.";

7) 109-беренинин 2-бөлүгүндө:

а) 1-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"административдик актыны (актыны) жараксыз же жоопкердин аракетин (аракетсиздигин) мыйзамсыз деп толугу менен же болбосо бир бөлүгүн таануу жөнүндө талапты камтыган административдик актыны (актыны) же аракетти талашуу тууралуу Доо;";

б) 3-пункт "административдик актыны" деген сөздөрдөн кийин "(акт)" деген сөз менен толуктапсын;

в) 5-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) жоопкердин күчүн жоготкон административдик актыны (акт) мыйзамсыз деп таануу жөнүндө талабын камтыган административдик акт (акт) күчүн жоготкондугунун мыйзамдуулугун текшерүү жөнүндө доо.";

8) 110-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Эгерде мыйзамда башка мөөнөт белгиленбесе, доо мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдын алардын кызмат адамдарынын актысынын көчүрмөсү алынган күндөн тартып, же болбосо арыз ээси бул актынын чыгарылгандыгы жөнүндө билген күндөн тартып үч айдын ичинде сотко берилет.

Мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын аракеттерине даттанууда арыздар сотко арыз ээси алардын жасалгандыгы жөнүндө билген күндөн тартып үч айдын ичинде, ал эми мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын аракетсиздигине даттанууда арыздар сотко ал боюнча жооп алынбаган же болбосо арыз ээси аны менен макул болбогон жооп алынган тиешелүү мамлекеттик органга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына, алардын кызмат адамдарына кайрылган күндөн бир ай өткөндөн кийин үч айдын ичинде берилет. ";

б) 2-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

в) 3-бөлүк "аракетке" деген сөздөн кийин "(аракетсиздикке)" деген сөз менен толуктапсын;

г) 5-бөлүктө "бир айдын" деген сөздөр "үч айдын" деген сөздөргө алмаштырылсын;

д) 8-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"8. Эгерде мыйзамда башкасы белгиленбесе, сот жүйөлүү деп тааныган себептер боюнча доону берүү мөөнөтүн өткөрүп жиберген жана даттанылган актылар кабыл алынган же даттанылган аракеттер жасалган күндөн тартып 10 жылдан кечиктирбестен сотко кайрылган жактарга өткөрүп жиберген мөөнөт калыбына келтирилиши мүмкүн.";

9) 113-беренинин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 4 жана 5-пункттар менен толуктапсын:

"4) административдик доо ушул Кодексте же мыйзамда аларга мындай укук каралбаган мамлекеттик бийлик органы, башка мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы, уюм, кызмат адамы же болбосо жаран тарабынан башка жактын, чөйрөсү аныкталбаган жактардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын же коомдук кызыкчылыктарды коргоо үчүн берилсе;

5) административдик доону, арызды кабыл алуудан баш тартуу үчүн административдик иштердин айрым категорияларыбоюнча өндүрүштүн өзгөчөлүктөрүн аныктоочу ушул Кодекстин ченемдеринде каралган башка негиздер болсо.";

10) 115-беренинин 1-бөлүгүнүн 6-пунктунда "жарандын" деген сөз алып салынсын;

11) 125-беренинин 8-бөлүгүнүн үчүнчү сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Өтүнмө жок болгондо, судья доону кароосуз калтыруу жөнүндө аныктама кабыл алат.";

12) 166-беренеде:

а) 2-бөлүк "өкүлүнө" деген сөздөн кийин "жана үчүнчү жактарга" деген сөздөр менен толуктапсын;

б) 5-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

13) 169-беренинин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Чечимдин резолюциялык бөлүгүн чыгарууда жүйөлүү чечим соттук териштирүү аяктаган күндөн тартып беш күндөн кечиктирилбестен түзүлөт жана ишке катышкан жактарга жиберилет (тапшырылат).";

14) 173-беренеде:

а) 1-бөлүктүн 5-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5) сотко кайрылган адамдын укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулбаганбы, же болбосо талашылып жаткан акт (аракет) мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана алардын кызмат адамдары тарабынан кабыл алынган (жасалган) күнү бул адамга анын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын жүзөгө ашырууга карата тоскоолдуктар жаралганбы.";

б) 5-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"5. Сот административдик жол-жоболорду же башка мыйзамдарда белгиленген эрежелерди сактоо менен аракет (аракетсиздик) жүзөгө ашырылганын текшерип, административдик органдын аракети (аракетсиздиги) боюнча чечим чыгарат.";

15) 174-беренеде:

а) 2-бөлүктө:

- 6-пунктта "жараксыз" деген сөз "мыйзамсыз" деген сөзгө алмаштырылсын;

- бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толуктапсын:

"7) административдик органдын күчүн жоготкон административдик актысын мыйзамсыз деп таануу жөнүндө.";

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы 3-бөлүк менен толуктапсын:

"3. Эгерде административдик органдын, башка мамлекеттик органдын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын, кызмат адамынын даттанылып жаткан актысы же аракети (аракетсиздиги) сотко кайрылган адамдын же анын кызыкчылыгы үчүн доо берилген жактын жеке укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын козгобойт деп сот аныктаса жана аларды жүзөгө ашырууга карата тоскоолдуктар түзүлбөгөндүгү аныкталган учурда, сот административдик доонун канаатташдырылуудан баш тартуу жөнүндө чечим чыгарат.";

16) 175-беренинин 4-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толуктапсын:

"Ушул Кодекстин 174-беренесинин 3-бөлүгүндө белгиленген жагдайлар болгондо, чечимдин жүйөлөштүрүү бөлүгүндө алардын белгилениши гана көрсөтүлөт.";

17) 176-беренинин 2 жана 3-бөлүктөрү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Жүйөлөнгөн чечимди жарыя кылууда катышып олтурган процесстин катышуучуларына, анын көчүрмөсү кол койдуруу менен түздөн-түз сотто тапшырылат. Эгерде чечимдин көчүрмөсү өкүлгө тапшырылса, анда ал өзүнүн атынан иш алып баруучу адамга да тапшырылды деп эсептелет.

3. Процесстин катышуучуларына, анын ичинде чечимдин резолюциялык бөлүгүн жарыя кылууда катышпагандарга, жүйөлөнгөн чечимдин көчүрмөсү соттук териштирүү аяктаган күндөн тартып беш күндүн ичинде тапшыруу жөнүндө кабарлоо менен тапшырык кат аркылуу жөнөтүлөт. Эгерде чечимдин көчүрмөсү ошондой эле өкүлгө жөнөтүлсө, анда ал өзүнүн атынан иш алып баруучу адамга тапшырылды деп эсептелет.

Чечим ушул Кодекстин 107-беренесинде каралган эрежелер боюнча тапшырылды деп эсептелет.";

18) 182-беренеде:

а) 1-пунктта "өз алдынча талаптар менен" жана "же үчүнчү жак болгон адам" деген сөздөр алып салынсын;

б) 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2) эгерде доогер аракетке жөндөмдүүлүгүн жоготсо - аракетке жөндөмсүз жакка камкорчу дайындоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин;";

в) 3-пунктта "же болбосо өз алдынча талаптары бар үчүнчү жакты" деген сөздөр алып салынсын;

г) 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4) Куралдуу Күчтөрдүн, Кыргыз Республикасынын башка аскердик бөлүктөрүнүн же аскердик түзүлүштөрүнүн кужүрмөн аракеттерге катышкан бөлүктөрүндө жүргөн доогер өтүнгөндө - Куралдуу Күчтөрдүн, Кыргыз Республикасынын башка аскерлеринин же аскердик түзүлүштөрүнүн курамында болуусу токтогонго чейин;";

19) 183-беренинин 1-бөлүгүндө:

а) 1 жана 2-пункттар төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) доогер чакыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскерлеринде же аскердик түзүлүштөрүндө же кандайдыр-бир мамлекеттик милдетти аткарууга тартылып аскердик кызматта жүргөндө - Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө, башка аскерлеринин же аскердик түзүлүштөрүнүн курамында болуусу же болбосо мамлекеттик милдетти аткаруусу аяктаганга чейин;

2) доогер дарылоо мекемелеринде болгондо же сотко келүүсүнө тоскоолдук кылган жана медициналык мекеменин маалымкаты менен ырасталган оорусу болгондо - дарылоо мекемесинен чыгарылганга же оорусу айыкканга чейин, бирок эки айдан ашык эмес мөөнөткө. Бул мөөнөт аяктагандан кийин тарап өкүлүн дайындоого милдеттүү, ал эми сот ишти кароону кайрадан улантууга укуктуу;";

б) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толуктапсын:

"6) аларга расмий түшүндүрмө берүүнү же болбосо мыйзамдуу жана негиздүү чечим чыгарууу үчүн зарыл болгон маалыматты алууну талап кылуучу маселелер боюнча мамлекеттик органдарга же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына расмий суроо-талап жөнөтүү.";

20) 186-беренеде:

а) 2-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

б) 3 -пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3) эгерде ошол эле доогердин ошол эле жоопкерге карата ошол эле жүйө жөнүндө жана ошол эле негиздер боюнча чыгарылган, соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечими болсо же иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө, административдик доону кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө соттун аныктамасы болсо. Анын ичинде, эгерде бул доогердин кызыкчылыгы үчүн прокурор, мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу орган тарабынан административдик доо коюлса да бул эреже колдонулат.";

в) 6-пунктта "же өз алдынча талаптары бар үчүнчү жак болуп саналган жеке адам" деген сөздөр алып салынсын;

г) 9-пунктта "ишти соттук териштирүүгө даярдоо процессинде же" деген сөздөр алып салынсын;

д) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 10-пункт менен толуктапсын:

"10) ушул Кодекстин 15-беренесинин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, эгер талаш-тартыштын предмети жок болсо.";

21) 188-берене төмөнкүдөй мазмундагы 6-пункт менен толуктапсын:

"6) эгерде доогер административдик доо коюунун мөөнөтүн өткөрүп жиберсе жана мында мындай мөөнөттү калыбына келтирүү жөнүндө өтүнмөсү жок болсо.";

22) 201-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толуктапсын:

"Коммерциялык эмес уюм анын коомдук байкоочу катары шайлоо жөнүндө мыйзамдарда каралган укуктары бузулган учурда сотко кайрылууга укуктуу.";

б) 3-бөлүк "Участкалык" деген сөздөн кийин ", округдук" деген сөз менен толуктапсын;

в) 4-бөлүктө "Сотко" деген сөз алып салынсын;

23) 203-берене төмөнкүдөй мазмундагы 11-бөлүк менен толуктапсын:

"11. Соттун чечими жана кассациялык инстанциядагы соттун токтому жаңыдан ачылган жагдайлар же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароого жатпайт.";

24) 205-берене төмөнкүдөй мазмундагы 9-бөлүк менен толуктапсын:

"9. Соттун чечими жана кассациялык инстанциядагы соттун токтому жаңыдан ачылган жагдайлар же жаңы жагдайлар боюнча кайра кароого жатпайт.";

25) 23-глава күчүн жоготту деп таанылсын;

26) IV бөлүм төмөндөгүдөй мазмундагы $23^1$-глава менен толуктапсын:

"$23^1$-глава. Аткаруу документтерин аткарууда сот аткаруучусунун токтомун жана аракетин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө иштер боюнча өндүрүш

$211^1$-берене. Сот аткаруучусунун токтомун жана аракетин (аракетсиздигин) талашуу

Сот аткаруучусунун токтому жана аракети (аракетсиздиги) ушул Кодексте жана аткаруу өндүрүшү жөнүндөгү мыйзамдарда каралган учурларда жана тартипте ушул главада каралган эрежелер боюнча талашылышы мүмкүн. Кызыкдар жак түздөн-түз сотко же аткаруу өндүрүшү жөнүндөгү мыйзамдарга ылайык баш ийүүчүлүк тартибинде жогору турган органга (кызмат адамына) кайрылууга укуктуу.

$211^2$-берене. Сот аткаруучусунун талашууга тийиш болгон токтомдору, аракеттери (аракетсиздиги)

Сот аткаруучусунун ушул Кодексте каралган тартипте талашууга тийиш болгон токтомдоруна, аракеттерине (аракетсиздигине) жекече кабыл алынган, натыйжасында жарандын, уюмдун жана аткаруу өндүрүшүнүн башка катышуучуларынын укуктары менен эркиндиктери бузулган; жарандардын жана уюмдардын укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашыруусуна тоскоолдуктар түзүлгөн; жаранга же уюмга кандайдыр-бир милдет мыйзамсыз түрдө жүктөлгөн же алар мыйзамсыз жоопкерчиликке тартылган токтомдор жана аракеттер (аракетсиздик) кирет.

$211^3$-берене. Сот аткаруучусунун токтомдорун жана аракетин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө арызды берүү

1. Сот аткаруучусунун токтому жана аракети (аракетсиздиги) аткаруу өндүрүшүнүн тараптары же ушул токтом, аракет (аракетсиздик) менен укуктары жана кызыкчылыктары бузулган жактар тарабынан талашылуусу мүмкүн.

2. Сот аткаруучусунун токтомун, анын аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө арыз сотко бул токтом чыккан, аракети (аракетсиздиги) жасалган күндөн тартып, же болбосо ушул токтомдон, аракеттен (аракетсиздиктен) улам укуктары жана кызыкчылыктары бузулган жаранга же уюмга анын укуктары жана кызыкчылыктары бузулгандыгы тууралуу белгилүү болгон күндөн тартып он күндүк мөөнөттө берилет. Арыздын көчүрмөлөрү бардык кызыкдар жактарга, анын ичинде талашылып жаткан токтомду чыгарган же талаш-тартыш жаратка аракетти (аракетсиздикти) жасаган сот аткаруучусу иштеген сот аткаруучулары кызматынын бөлүмдөрүнө берилет.

3. Арыз менен сотко кайрылуу мөөнөтүн өткөрүп жиберүү сот үчүн мындай арызды кабыл алуудан баш тартууга негиз болуп саналбайт. Мөөнөтүн өткөрүп жиберүүнүн себептери соттук жыйналышта айкындалат жана алар арызды канааттандыруудан баш тартуу үчүн негиз болуп калышы мүмкүн.

$211^4$-берене. Сот аткаруучусунун токтомун жана аракетин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө арызды кароо

1. Арыз сот тарабынан анын сотко келип түшкөн учурунан тартып он күндүн ичинде арыз берүүчүнүн, сот аткаруучусунун катышуусу менен каралат.

2. Ушул беренинин биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн, соттук жыйналыштын убактысы жана орду жөнүндө талаптагыдай кабарландырылган жактардын кимдир-бирөөсүнүн сотук жыйналышка келбей коюусу арызды кароого тоскоолдук болуп саналбайт.

3. Сот талашылып жаткан токтомдун же аракеттин күчүн арыз сотто каралып жаткан убакытта арыз берүүчүнүн өтүнмөсү боюнча токтото турууга укуктуу.

4. Сот арызда баяндалган жана процесске катышуучулардын түшүндүрмөлөрүндө көрсөтүлгөн жүйөлөр, берилген далилдер жана иштеги башка материалдар менен эле чектелип калбастан, бул талаш-тартышты туура чечүү максатында, талашылып жаткан токтом, аракет (аракетсиздик) боюнча факт жүзүндөгү бардык жагдайларды иликтеп чыгат.

5. Сотто даттанылып жаткан токтомдун, аракеттин (аракетсиздиктин) мыйзамдуулугун жана негиздүүлүгүн далилдөө милдети мындай токтомду кабыл алган же мындай аракетке (аракетсиздикке) жол берген сот аткаруучусуна жүктөлөт. Чыгарылган токтомдун, жасалган аракеттин (аракетсиздиктин) тууралыгына карата кандай болбосун шек саноолор арыз берүүчүнүн пайдасына түшүндүрүлөт.

$211^5$-берене. Соттун аныктамасы жана аны ишке ашыруу

1. Сот арызды негиздүү деп таануу менен, жол берилген жарандын (уюмдун) укуктарын жана эркиндиктерин бузгандыгын же жарандын (уюмдун) анын укуктарын жана эркиндиктерин жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылгандыгын толук өлчөмдө жоюу жагында сот аткаруучусунун милдеттерин жөнүндө аныктама чыгарат.

2. Эгерде кызыкдар жактар апелляциялык даттануу (сунуш-

(Уландысы 5-бетте)

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА (КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДМИНИСТРАТИВДИК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИНЕ, КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДЫК ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИНЕ) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*(Башталышы 4-бетте)*

тама) бербесе, соттун аныктамасы аныктама кабыл алынган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

3. Соттун аныктамасы жол берилген мыйзам бузууну четтетүү үчүн баш ийүүчүсүнүн токтому, аракети (аракетсиздиги) талашылып жаткан сот аткаруучулары бөлүмүнүн жетекчисине, же болбосо баш ийүүчүлүк тартибинде жогору турган органга, кызмат адамына сот аныктамасы мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып үч күндүн ичинде жөнөтүлөт.

4. Аныктама жарандык процесстик мыйзамдарда жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарда көрсөтүлгөн эрежелер боюнча аткарылат.

5. Эгерде талашылып жаткан токтом же аракет (аракетсиздик) мыйзамга ылайык чыгарылганын же болбосо жасалгандыгын белгилесе, сот арызды канааттандыруудан баш тартат.

$211^{6}$-берене. Соттук актылар боюнча даттануу жана сот аткаруучуларынын токтомдорун, аракеттерин (аракетсиздиктерин) талашуу боюнча иштерди кайра кароо

1. Сот аткаруучуларынын мыйзамдуу күчүнө кире элек токтомдорун, аракеттерин (аракетсиздигин) талашуу жөнүндө иштерди кайра кароо областтык соттордон тийиштүү соттук коллегия тарабынан апелляциялык өндүрүш тартибинде, апелляциялык инстанциядагы сотко иш келип түшкөн учурдан тартып он күндүк мөөнөттө, ушул главада белгиленген алып салуулар жана толуктоолор менен ушул Кодекстин 24-главасына ылайык жүзөгө ашырылат.

Соттун аныктамасына даттануу ушул иш боюнча соттун аныктамасы менен укуктары жана мыйзамдуу кызыкчылыктары бузулган адамдар тарабынан он күндүк мөөнөттө биринчи инстанциядагы сот аркылуу берилет. Соттук актыны кабыл алган сот бул даттанууну иш менен бирге тийиштүү инстанцияга, ал сотко келип түшкөн күндөн тартып үч күндүк мөөнөттө жиберүүгө милдеттүү.

2. Кыргыз Республикасынын сотторунун соттук актыларды кассациялык тартипте кайра кароо Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун тийиштүү соттук коллегия тарабынан, иш кассациялык инстанциядагы сотко келип түшкөн күндөн тартып беш күндүк мөөнөттө, ушул Кодекстин 26-главасында каралган эрежелер боюнча, ушул главада белгиленген алып салуулар жана толуктоолор менен жүргүзүлөт.

3. Даттанууну берүү мөөнөтү калыбына келтирилбейт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөр аяктагандан кийин даттануулар кабыл алынбайт жана ушул Кодексте белгиленген тартипте кайра кайтарылып берүүгө тийиш.

4. Соттук актылар жаңыдан ачылган жагдайлар же жаңы жагдайлар боюнча кайра каралууга тийиш эмес.";

27) 213-берененин 3-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмү алып салынсын;

28) 214-берененин 3-бөлүгүнүн экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Өкүл тарабынан берилген апелляциялык даттанууга ишеним кат же өкүлдүн ыйгарым укуктарын ырастоочу башка документ түп нускада же болбосо талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөдө тиркелиши керек.";

29) 219-беренеде:

а) 1-бөлүктө:

- 3-пунктта "2 жана 3-бөлүктөрүнүн" деген сөздөр "1-3-бөлүктөрүнүн" деген сөздөргө алмаштырылсын;

- бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толукталсын:

"7) апелляциялык даттануу (сунуштама) апелляциялык инстанциядагы сот тарабынан мурда каралган соттук актыга берилсе.";

б) 2-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Эгерде сот тарабынан ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган негиздер бар экендиги аныкталса, апелляциялык даттануу өндүрүшкө кабыл алынгандан кийин даттануу (сунуштама) берген жакка кайтарылат.";

30) 223-беренеде:

а) 6-бөлүктө "12" деген цифралар "10" деген цифраларга алмаштырылсын;

б) 8-бөлүк күчүн жоготту деп таанылсын;

31) 225-беренеде:

а) 1-бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы үчүнчү сүйлөм менен толукталсын: "Сот чечимдин резолюциялык бөлүгүн жарыя кылууга укуктуу.";

б) 2-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Соттук актынын резолюциялык бөлүгүн чыгарууда жүйөлөнгөн соттук акты соттук териштирүү аяктаган күндөн тартып жети күндөн кечиктирбестен процесстин катышуучуларына жөнөтүлөт (тапшырылат).";

в) 3-бөлүктүн биринчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Жүйөлөштүрүлгөн соттук актыны жарыя кылуу учурунда катышып олтурган процесстин катышуучуларына жүйөлөштүрүлгөн соттук актынын көчүрмөсү сотто кол койдуруу менен түздөн-түз тапшырылат.";

г) 4-бөлүктүн биринчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Жүйөлөштүрүлгөн соттук актыны жарыя кылуу учурунда катышпаган процесстин катьшуучуларына жүйөлөштүрүлгөн соттук актынын көчүрмөсү аларга аны жарыя кылуу күнүнөн тартып жети күндүн ичинде тапшыруу жөнүндө билдирүү менен тапшырык кат менен жиберилет (тапшырылат).";

32) 228-беренеде "12" деген цифралар "11" деген цифраларга алмаштырылсын;

33) 233-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толукталсын:

"7) соттун чечими менен укуктары, эркиндиктери жана мыйзамдуу кызыкчылыктары козголгон жактар тартылбастан иш каралса.";

34) 234-берененин 3-бөлүгүндө "1, 2, 4 жана 5-пункттарында" деген сөздөр "1,2, 4, 5 жана 6-пункттарында" деген сөздөргө алмаштырылсын;

35) 241-берененин 4-бөлүгү күчүн жоготту деп таанылсын;

36) 242-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Жеке даттануу (сунуштама) ал кабыл алынган күндөн тартып биринчи инстанциядагы соттун аныктамасына он күндүн ичинде, апелляциялык инстанциядагы соттун аныктамасына бир айдын ичинде берилиши мүмкүн.";

37) 244-берененин 2-бөлүгүндө "(жеке)" деген сөз алып салынсын;

38) 248-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Иш боюнча өндүрүштү токтотуу, доону кароосуз калтыруу жөнүндө соттун аныктамасына кассациялык даттануу ал кабыл алынган күндөн тартып үч айдын ичинде берилет.";

39) 249-беренеде:

а) 3-бөлүктүн экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Өкүл тарабынан берилген кассациялык даттанууга (сунуштамага) ишеним кат же өкүлдүн ыйгарым укуктарын күбөлөндүрүүчү башка документ түп нускада же болбосо талаптагыдай күбөлөндүрүлгөн көчүрмөдө тиркелүүгө тийиш.";

б) 7-бөлүктө "билдирүү" деген сөз "өтүнмө" деген сөзгө алмаштырылсын;

40) 254-берененин 1-бөлүгүндө:

а) 4-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4) даттануу апелляциялык инстанциядагы соттун кароосунун предмети болбогон соттук актыга берилсе;";

б) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толукталсын:

"7) кассациялык даттануу (сунуштама) биринчи жана апелляциялык инстанциялардагы соттордун мурда кассациялык инстанциядагы сот тарабынан каралган соттук актыларга берилсе.";

в) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

"Эгерде сот тарабынан ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган негиздер бар экендиги аныкталса, кассациялык даттануу ал өндүрүшкө кабыл алынгандан кийин даттанууну (сунуштаманы) берген жакка кайтарылып берилет.";

41) 259-беренеде:

а) 3-бөлүктүн экинчи сүйлөмү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: "Сот андан кийин соттук актыны кабыл алуу үчүн кеңешүүчү бөлмөгө чыгып кетет.";

б) 4-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Кеңешүүчү бөлмөсүнөн чыккандан кийин сот кабыл алынган соттук актыны жарыялайт.

Сот кабыл алынган соттук актынын резолюциялык бөлүгүн жарыя кылууга укуктуу. Мында жүйөлөнгөн соттук акты аны жарыя кылуу күнүнөн тартып он беш күндүн ичинде жазуу жүзүндө түзүлөт жана процесстин катышуучуларына аны тапшыруу жөнүндө билдирүү менен тапшырык кат менен жиберилет (тапшырылат).";

42) 267-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган биринчи, апелляциялык жана кассациялык инстанциялардагы соттордун мыйзамдуу күчүнө кирген актылары жаңыдан ачылган же жаңы жагдайлар боюнча процесстин катышуучусунун арызынын (сунуштамасынын) негизинде, ушул Кодексте каралган учурларды кошпогондо, кайра каралышы мүмкүн.";

43) 268-беренеде:

а) 2-бөлүктүн 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1) ишти чечүү үчүн олуттуу мааниге ээ, талашылып жаткан соттук актыны кабыл алуу учурунда арызлануучуга жана (же) сотко белгисиз болгон же белгилүү болушу мүмкүн болбогон жагдай;";

б) 4-пункт күчүн жоготту деп таанылсын;

44) 274-берененин 1-пунктунда "269-беренесинин" деген сөздөр "272-беренесинин" деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене**

Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодексине (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж., №1 (2), 14-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 47-берененин 1-бөлүгүнүн мамлекеттик тилдеги тексти төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"1. Тарап талаштуу же чечимде белгиленген укук мамилелеринен чыгып калган учурда (жарандын өлүмү, юридикалык жактын кайра уюшулушу, талап кылуунун башка жакка берилүүсү, карыздын которулушу жана материалдык укук мамилесинде жактардын алмашкан башка учурлары) сот жүйөлөнгөн, даттанылышы мүмкүн болгон аныктама аркылуу тарапты анын укук улантуучусу менен алмашуусуна жол берет. Укук улантуучулук процесстин кайсы болбосун стадиясында болушу мүмкүн.";

2) 48-берененин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын: "Мында сот доо берилген жактын кызыкчылыгында аны доогер катары тартууга укуктуу.";

3) 62-беренеде:

а) 4-бөлүк төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Адвокаттын ыйгарым укуктары адвокаттык иш жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана тапшырма келишимине ылайык берилген, юридикалык практиканы жүзөгө ашырып жаткан жакка тапшырма ордери менен ырасталат.";

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы 6-бөлүк менен толукталсын:

"6. Сотко кайрылганда өкүл ишеним каттын түп нускасын же көчүрмөсүнүн талаптагыдай түрдө күбөлөндүрүлгөн формасын көрсөтүүгө милдеттүү.";

4) 63-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

